КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/6

2025-жылдын 27-марты Жаңы-Арык айылы

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын карамагындагы жүк жүктөөчү атайын техникасынын (погрузчик) сааттык баасын өзгөртүү жана Куйручук айылындагы жүктөөчү атайын техникасынын (погрузчик) сааттык баасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйындарынын протоколдорунун негизинде Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповдун сунушун карап жана маалыматын угуп,айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 12-июнь 2024-жылдагы VIII кезексиз сессиясынын №11/2 токтомуна өзгөртүү киргизилип жүк жүктөөчү атайын техникасынын (погрузчик) сааттык баасы 5000 (беш) миң сомдон 4000 (төрт) миң сомго түшүрүлсүн;

2. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Куйручук айылындагы жүк жүктөөчү атайын техникасынын (погрузчик) сааттык баасы 3000 (үч) миң сом (майы ичинде) болуп бекитилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановго тапшырылсын;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек